# СТУДЕНТТЕРДИН УКУКТАРЫ

**Проф., докт. Сердар ЭРКАН**
Кыргыз–Түрк «Манас» университети

Бүгүн дүйнө жүзүндө адам укуктары менен катар айрым керек–төөчүлөр, сатып алуучулар, оорулуулар, социалдык кызматтан пайда–ланууучулар сыяктуу ар кандай топтордун укуктары сыяктуу маселе да ар тараптуу кызыгуулардын объектисине айланып бара жатат. Ушуга байланыштуу ЖОЖдор тууралуу сөз болгондо эң обол бул макаланын негизги темасын түзгөн «студенттердин укуктарын» эмнелер түзөт деген суроо туулат. Адатта, студенттер тууралуу сөз болгондо «укуктар» эмес «жоопкерчиликтер», «милдеттер» же «тартип бузуу жана жаза» деген түшүнүктөр көбүрөөк ойго келет. Ар кандай деңгээлдеги билим берүү мекемелеринде иш–аракеттердин этикалык нормаларга шайкеш келиши үчүн студенттердин укугу эмнелер менен мүнөздөлөөрүн ата–эне жана билим берүүчүлөр сыяктуу категориялардын бул укуктар тууралуу кабардар болушуна жана аларды этибарга албай коюу сыяк-туу ниеттен алыс болууларына жетишүүбүз зарыл (**Айдын, 2002**). Азыркы учурда студенттер үчүн өздөрүн ишеничтүү, эркин сезген, коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү эң орчундуу маселе катары кара-лып жаткан учурда алардын укуктарынын этибарга алынбашы алардын татыктуу билим алышы үчүн тоскоолдуктарды жаратат. Макалада АКШ, Канада жана Австралиянын университеттеринин студенттеринин кадыресе көрүнүшкө айланган укуктарынын үлгүлөрү берилди.

## Тикеден–тике билим берүү ишине таандык укуктар

**А.** Студенттердин бардык сабактарды алуу укугу бул жалпы принцип. Тигил же бул сабакты өздөштүрүү үчүн кандайдыр бир шарттар болсо, анда ал шарттар аткарылышы керек. Эгер кайсы бир сабакты алуу үчүн кайрылган студенттердин саны квота чегинен чыкса, алардын санын чектөөгө мүмкүн. Мындай кырдаалда студенттер сабак тандоо ишеничтүү, ачык жана адилеттүү критерийлердин негизинде жүргүзүлүшүн талап кылууга укуктуу. Акыркы курстун студенти квотанын же орундун жоктугунан улам милдеттүү сабактарды алуу укугунан ажыратылбайт. Бул шарт бир гана милдеттүү сабактар үчүн, тандалма сабактарга тиешеси жок (**University of British Columbia Campus Advisory Board on Student Development, 2001**).

**Б.** Студенттер сабактарга катталуу процедуралары тууралу өз убагында толук маалымат алууга укуктуу (**University of Western Australia, 2000**).

**В.** Студенттер университеттин бир программасына же сабагына катталуу же каттоодон чыгуу укуктарына байланыштуу университеттин факультети же бөлүмү тарабынан жүргүзүлүүчү саясат, иш–аракет, стан–дарттар тууралуу маалыматтар жана даярдалган документтер менен тааны–шуу укугуна ээ (**Center of Student Life Division of Student Affairs, 1998**).

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

**Г.** Студенттер университеттен эң жогорку деңгээлде билим алууну күтүүгө укуктуу. Ал эми жогорку деңгээл окутуу процессин оптималдуу уюштурууга жана окуу планынын, программалардын сапатына байланыштуу болот (**UWA, 2000**).

**Д.** Студенттер сабакты үйрөнүүдөн алдын, аны үйрөнүүнүн максатын жана баалоо критерийлерин ачык айкын билиши шарт. Бул маалыматтар оозеки да, жазуу жүзүндө да берилиши мүмкүн. Студенттерге таратыла турган жазуу түрүндөгү план төмөнкүдөй маалыматтарды камтышы керек (**CSLDSA, 1998**).

ü Сабактын жалпы аныктамасы, эгер болсо шарттары

ü Сабактын максаттары

ü Сабактын темалары

ü Сабактын талаптары жана процесстери (мисалы: сабакка катышуу, милдеттер, окуу китептери же макалалар), баалоо системасы (мисалы сынак жана жалпы сынак, тапшырмалар, проекттер, сырт же лабораториялык иштер сыяктуу).

ü Баалоо системасы жана анын мындан мурунку пункттагы элементтерге жараша жүргүзүлүшү

ü Сынак күнү жана убактысы

ü Мугалимдин университет ичиндеги бөлмөсү, телефону жана жолугушуу убактылары

Бул маалыматтардын бөлүм башчылыгында же web сайтта орун алышы сабактарды тандоо процессинде студенттерге кеңири мүмкүнчүлүктөрдү жаратат.

**Е.** Эгерде семестрдин башында берилүүчү планда орун алган маалыматтардын бирөөсүндө өзгөртүү зарылчылыгы пайда болсо ал группа менен кеңешүү аркылуу гана жасалышы мүмкүн. Студенттердин тапшырмалары же сабактар өтө эле көбөйүп кетсе студенттерге жазуу түрүндө маалымат берилиши керек. Анткени өзгөрүүлөр студенттердин башка иштерине тоскоол болбошу керек (**Ceger Vanier College, 2000**).

**Ж.** Студенттер университет тарабынан түзүлгөн, бирок сабактарга же изилдөө иштерине терс таасирин тийгизе турган (мисалы, мугалимдердин алмашуусу же проектке бөлүнгөн каражаттын азайышы) келишимдердин жана башка иш—чаралардын себебин билүүгө акылуу (**UWA, 2000**).

**З.** Мугалимдер сабак расписаниесин түзүп жатканда студенттердин убактыларын да кылдат эске алуулары зарыл (**The Trustees of Indiana University, 1998**).

**И.** Студенттер сабак учурундагы дискуссияларда тастыкталган жана күмөн туудурган маалыматтарга карата өз пикирлерин жана альтернативалык сунуштарын тайманбай эркин айта алат (**TIU, 1998**).

**К**. Студенттер билим жагынан ишеничтүү, ачык жана адилеттүү бааланууукугуна ээ (**TIU, 1998**).

**Л.** Мугалим баалагандан кийин ар бир студент экзаменде жазгандарын көрүү жана алган баасына макул эместигин билдирүү укугуна ээ (**University of North Texas, 2001**).

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

**М.** Студенттер окуган сабагына байланыштуу керибайланыш түзүү жана сунуш кылуу укугуна ээ. Бул үчүн студенттерге мүмкүнчүлүк берилиши керек (**UWA, 2000**).

**Н.** Студенттер академиялык иш–чаралар учурунда жараткан идеясы же маалыматтары үчүн гонорар алуу укугуна ээ (**UWA, 2000**).

**П.** Студенттер мугалимдер менен сабакта эле эмес сабактан сырткаркы убактарда да жолугушуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу абзел.

Студенттердин мугалимдер менен жолугушуулары алардын академиялык өнүгүшү үчүн өтө маанилүү мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Мугалим студенттер менен жолугушуу күнүн, убактысын аудиторияда оозеки же web сайт, кулактандыруу тактасы аркылуу билдирет. Айрым мугалимдер телефон же E–mail аркылуу жолугушуу күнүн жана сааты тууралуу маалыматтар менен күн мурунтан кабардар болууну каалашы мүмкүн (**UBCCABSD, 2001**).

## Жалпы укуктар

Бул бөлүмдө билим берүү процессине кыйыр тиешеси бар, бирок университет ичиндеги студенттин орду, жалпы укуктары тууралуу сөз болмокчу. Билим берүүнүн сапатын заманбап талаптарга ылайык уюштурууда жана студенттердин академиялык ийгилик, жетишкендиктеринин бийик деңгээлин камсыз кылууда бул укуктар сөзсүз этибарга алынышы абзел.

**А.** Студенттер инсан катары ар бир жаран пайдаланган конституциялык укуктардан пайдалануу укугуна ээ (**TIU, 1998**).

**Б.** Студенттер университеттин кадыресе бир мүчөсү катары университеттин бардык кызматтарынан жана мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалануу укугуна ээ (**UWA, 2000**).

**В.** Студенттер өз урмат жана сыйга негизделген нарк–нускалуу чөйрөдө билим алууга укуктуу (**TIU, 1998**).

**Г.** Студенттер колдоо жана кубаттоо өкүм сүргөн чөйрөдө билим алууга укуктуу (**UWA, 2000**).

**Д.** Студенттер университет ичиндеги коопсуздук болушун талап кыла алышат (**UWA, 2000**).

**Е.** Студенттер университеттин компетенттүү кеңештеринде өздөрү тарабынан шайланган же дайындалган өкүлдөр аркылуу ой–пикирин билдирүүгө укуктуу (**UWA, 2000**).

**Ж.** Студенттер студенттик кеңеш аркылуу өздөрүнө тиешелүү болгон бардык маселелер боюнча пикирин билдирүүгө укуктуу (**UWA, 2000**).

**З.** Студенттер өздөрүнүн өкүлдөрүнөн сырткары компетенттүү адамдарга жеке пикирлерин билдирүү укугуна ээ (**TIU, 1998**).

**И.** Студенттер өздөрүнүн орток кызыкчылыктары боюнча топторду жана уюмдарды түзө алышат (**TIU, 1998**).

**К.** Студенттер тарабынан түзүлгөн группа же уюмдардын университет тарабынан катталуусу же тастыкталышы шарт эмес, бирок ата–энелер комитетинен башка уюмдардын студенттик уюм катары

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

саналышы үчүн алардын жетекчилеринин жана курамынын көпчүлүгү университет мүчөлөрү болушу керек (**TIU, 1998**).

**Л.** Жогорудагыдай студенттик топтор университеттин бардык мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланууга укуктуу. Укукту пайдалануу мүмкүнчүлүгү кайрылуу кезегине жараша берилет, бирок айрым университеттер студенттик уюмдарга байланыштуу айрым чектөөлөрдү киргизиши мүмкүн. Мисалы, Калифорния университети студенттик уюмдун максатын, башкаруучуларынын ким болгонун жана мүчө болуш үчүн коюлган шарттарды камтыган уставдарды талап кылууда, ал эми уюмдардын ою боюнча эч кандай бөлүүчүлүк жана шарт жок, бардык каалоочуларга эшик ачык (**CSLDSA, 1998**).

**М.** Студенттер университеттин кампусунун жалпыга ачык территориясында тынч маанайда жыйналыштарды өткөрүүгө укуктуу. Бирок, мындай иш—чаралар сабактарга жана окуу жайынын иш—чараларына жолтоо болбошу зарыл (**TIU, 1998**).

**Н.** Студенттер ой—пикирлерин эркин айтуу укугуна ээ (**UWA, 2000**).

**О.** Студенттер университеттен уруксат албастан басмаларды чыгаруу жана аларды таратуу укугуна ээ (**TIU, 1998**).

**П.** Эгер эрежелерге өзгөрүүлөр киргизилген болсо, бул эрежелер кабыл алынган күндөн баштап күчүнө кирет. Бирок, алардын мурда болгон, аткарылган нерселерге тиешеси жок (**TIU, 1998**).

**Р.** Студенттер университет берген бардык кредит, стипендия жана башка мүмкүнчүлүктөр тууралуу маалымат алууга укуктуу (**CSLDSA, 1998**).

**С.** Студенттер өздөрү тууралуу жазылган маалыматтардын баарын көрүүгө, билүүгө укуктуу (**TIU, 1998**).

**Т.** Студенттер өздөрү тууралуу жазылган маалыматтардын бекем жерде сакталгандыгын билүүгө укуктуу. Төмөндөгүлөрдөн сырткаркы эч бир маалымат студент өзү жазуу түрүндө макулдук бермейинче башкаларга берилбейт (**Bellevue Community College, 2002**).

- Студенттин аты
- E—mail адреси
- Алган сыйлыктары, даражалары, сертификаттары
- Катышкан күнү
- Спорттук таймашууларда алган даражалары
- Стипендиялары
- Студенттик кеңештеги кызматы/милдети
- Күндүзгү же сырттан окуу бөлүмүндө окугандыгы
- Мурда окуган окуу жайлары

**У.** Тиешеси жок кишилердин студенттердин психологиялык кеңеш алгандыгына, ден—соолугуна жана тартибине байланыштуу жазылуу жүзүндөгү маалыматтарды алышына бөгөт коюу үчүн ал маалыматтар расмий каттоолордон өтүп, атайын бир жерде сакталышы зарыл (**CSLDSA, 1998**).

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

**Ф.** Студенттердин саясий көз караштары жана ишмердүүлүгү тууралуу эч кандай маалымат жазылбашы керек (**CSLDSA, 1998**).

**Х.** Эгер студент тартип бузгандыгы үчүн жазаланып, бирок андан кийинки 5 жыл ичинде кайрадан жаза албаса, чечим чыккан күндүн эртеси жаза тууралуу маалыматтар каттоодон чыгарылышы керек (CSLDSA, 1998).

**Ч.** Студенттер экзаменде алган баасын алардын уруксаты болмоюнча мугалимден аудиторияда (группа ичинде) же тизмеде берилбешин талап кыла алат (**UWA, 2000**).

**Ш.** Студенттер сабакта алган баалары, окуу процесси, бөлүүчүлүк, зордук-зомбулук же кандайдыр бир укуктары көңүлгө алынбаган абалдарда жазуу жүзүндө же оозеки арызданууу укугуна ээ (**UWA, 2000**).

**Э.** Студенттер арыздарына байланыштуу процедуранын адилеттүү, бөлүүчүлүктөн жана терс көз караштан алыс, адилеттүү жүргүзүлүшүн жана жыйынтыгынын тез арада чыгышын талап кылууга укуктуу (**UWA, 2000**).

Бул процесс кандай жүргүзүлгөнүнө байланыштуу мисалды Сан Диего университетинден берсе болот (**San Diego State University, 2001**).

ü Студентке бир мугалим, башкаруучу же кызматкер адилетсиз мамиле кылса же таарынтса, биринчи кезекте ал киши менен түздөн-түз сүйлөшөт.

Болбосо бөлүм башчысы, декандын орун басары же куратору менен байланышат,

омбудсменге (акыйкатчыга) кайрылат, маселе дале чечилбесе, жазуу жүзүндө студенттик арыз комиссиясына кайрылат (**SDSU, 2001**).

Университетте бул комиссия төмөндөгүлөрдөн түзүлөт:

ü студенттик кеңеш тарабынан дайындалган сегиз студент,

ü университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан дайындалган беш мугалим,

ü Ректор тарабынан дайындалган төрт башкаруучу,

ü кадрлар бөлүмү тарабынан дайындалган эки административдик кызматкер,

ü ректор тарабынан дайындалган бир төрага,

ü омбудсмен

ü мындан сырткары жумушчу комиссиясы түзүлөт жана тергөөнүн жыйынтыгына ылайык студенттин арызынын комиссияда каралыш зарылчылыгы тууралуу чечим кабыл алынат.

ü расмий тергөө учурунда аныкталгандар студенттин билдирүүсү менен дал келсе комиссия ректорго же ректор өкүлүнө эмне кылуу керектиги тууралуу сунуш берет. Эгер далилдер жетиштүү болбосо арызданган студентке тергөөнүн эмне себептен жабылганы тууралуу маалымат берилет (**SDSU, 2001**).

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

**Бөлүүчүлүк, зордук жана мүмкүнчүлүктөр алдында тең укуктуулук**

Мындан студенттердин укуктары жөнүндөгү маселе өтө маанилүү болгондуктан өзүнчө бөлүм катары каралууда.

Бул бөлүмдүн темасын негизги укуктар же адам укуктары деп атасак болот, себеби, мында каралчу укуктар демократиялуу коомдун негизги элементтеринен бирөө катары эсептелет.

**А.** Студенттер бардык иш—аракеттер теңдиктин негизинде жана мүмкүнчүлүктөр алдында тең укуктуулук принциптерине шайкеш жүргүзүлгөн чөйрөдө билим алууга укуктуу (**UWA, 2000**).

**Б.** Студенттер жыныс, раса, үй—бүлөлүк абал, кош бойлуулук, саясий көз караш, диний көз караш, ишенич, майыптык, жаш, тил, этникалык, улуттук же социалдык абалына, социо—экономикалык статусуна, байлыгына же ата—тегине карабастан тең укуктуу билим алуу, камсыздалуу укугуна ээ. Жогорудагыдай өзгөчөлүктөрү үчүн бир да студент кандайдыр бир программага же иш—чарага катышуу укугунан ажыратылбайт же программадан, иш—чарадан чыгарылбайт (**UWA, 2000**).

Университет инвалид студенттердин окуусун улантышы үчүн ар түрдүү шарттарды түзүүгө милдеттүү. Бөлүүчүлүк—бул бир индивид же группага азап алып келген жана мындай карасанатайлык кылууга багытталган, акыйкаттан алыс, теңдикке жатпаган ниет, кыймыл—аракет же иш—чара. Бөлүүчүлүктүн ачык же жашыруун, макулдук менен же макулдугу болбой туруп, атайын же кокустан болушу аны актоого негиз болбойт. Бөлүүчүлүк билим берүү мекемесинин эреже-лерине жана иш—аракетине тап—такыр жат нерсе болушу абзел (**CVC, 2000**).

**В.** Студенттер сексуалдык, физикалык, расалык ж.у.с. зордук—зомбулуктан алыс болуу укугуна ээ. Бир кишиге же группага карата алар тарабынан тескери кабыл алынган сөз жүзүндөгү же физикалык формадагы ар кандай мамиле зордук деп аталат. Кыймыл—аракет бир кишинин же группанын окуудагы жетишкендигине, спорт же өнөр иштериндеги ийгиликтерине бут тосуу, ошондой эле коркунучтуу жана душмандык атмосфера түзүү же бир адамды, группаны коркутуу максатында да болушу мүмкүн. Жогорудагыдай таасир калтырган бардык аракет «зордук» деп саналат. Көптөгөн университеттердин студенттер укугун камтыган инструкцияларында сексуалдык зордук бөтөнчө каралган. Сексуалдык зордук—өз жынысындагы же каршы жыныстагы бир кишиге же группага алардын каалоосусуз багытталган сексуалдык кызыгуу же ниет деп айтсак болот. Кандайдыр бир сексуалдык талап канааттандырылганда сыйлык берүү убадасы же тескеринче канааттандырылбаса жазалана тургандыгы тууралуу коркутуу дагы зордук катары кабылданат. Зордук физикалык да сөз жүзүндө да болушу мүмкүн. Төмөндө сексуалдык зордукка бир нече мисал берилген (**CVC, 2000**).

- Сексуалдык сунуш же кысым
- Сексуалдык маанайда бирөөгө тийишүү, аны кармоо. Жакындашуунун баары сексуалдык мамиле катары каралбашы керек. Мисалы, гол киргизген бир студентти машыктыруучусунун кучакташы сексуалдык аракет эмес.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

ü Дубалдарда сексуалдык мазмундагы жазуулар

ü Эротикалык сүрөттөрдү, фотографияларды, жазууларды көрсөтүү же таратуу

ü Сексуалдык маанини билдирген белги жана жесттер

ü Уялтуучу тамашалар

ü Башка кишилердин көзүнчө өзүн—өзү жыныстык өзгөчөлүгүн көрсөтүү же бирөөнүн жыныстык турмушу тууралу сүйлөө

ü Студенттерди сексуалдык иш—аракеттерине же мүмкүнчүлүк—төрүнө жараша даражаларга бөлүштүрүү, алар тууралу кеп кылуу же ушак чыгаруу, алардын жыныстык турмушун териштирүү.

Ушул сыяктуу сексуалдык зордукка учураган студенттерге төмөндөгүдөй сунуштар берилиши мүмкүн (**Department of Education, Office for Civil Rights, 1984**).

ü Жогоруда берилген кыймыл—аракет же мамилелерди тамаша катары кылган болсо да аны дароо токтотуу жөнүндөгү пикириңди оозеки же жазуу түрүндө түздөн—түз билдир.

(Эгер бул абал студенттин коопсуздугуна, окуудагы ийгиликтерине жана кесиптик келечегине коркунуч келтирбесе).

ü Досуңа, мугалимиңе же психологиялык кеңешчиге кайрыл.

ü Ар бир окуя болгон жерди, убакытты, окуянын кандай башталып, кандай бүткөнүн, күбөлөрдү, өзүндүн кылган мамилеңди, реакцияңды жана кийинчерээк керек болуучу маалыматтардын баарын жаз.

ü Өзүңдөн башка студенттин же кызматкердин да зордукка учурагандыгын териштир.

ü Абалдан чыгуу үчүн кандай аракет жасаш керектиги тууралуу көмөк көрсөтө ала турган киши менен кеңеш.

ü Университетте арыздарды караштыруу процесси кандайча жүргүзүлөөрүн бил.

ü Университетке же жергиликтүү адам укуктары боюнча мекемелерге жазуу жүзүндө кайрыл.

**Г.** Студенттер билим алуудан сырткары диний, маданий же үй—бүлөлүк жоопкерчиликтерин аткаруу үчүн альтернативалык шарттардын түзүлүшүн талап кылууга укуктуу. Студенттер өз диндеринин ыйык күндөрүндө же майрамдарында сабакка катышпоого укуктуу. Бул тууралуу алар мугалимине эки жума мурун кабар бериши керек. Эгер мугалимине кабар бере албаса, анда бөлүм башчысына же деканга билдирет. Мугалим студенттин ошол күнү аткара турган ишин же экзаменин ага терс таасири тийбей тургандай кылып башка күнгө которот (**UBCCABSD, 2001**). Ушуга байланыштуу бир күндө бир нече экзамендин өткөрүлүшү да өзгөчө көңүл бурууга арзыган маселелерден бири. Жыйырма төрт саат ичинде үч же андан көп экзамени болгон студент экзамен расписаниесине түзөтүү киргизүүнү талап кыла алат (**UBCCABSD, 2001**).

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

## Жыйынтык

Жогоруда мисал катары берилген студент укуктары ошол өлкөнүн демократиялык өнүгүү деңгээлине жараша болору шексиз. Ар бир мамлекеттин өзгөчө шарттары бул укуктардын аныкталышына чоң таасир тийгизет. Мамлекетте жалпы адам укугуна көрсөтүлгөн урмат—сый студент укуктарынын деңгээли тууралуу да маалымат берерин белгилей кетсек болот. Ошондой эле, ЖОЖнын коомдогу прогрессивдүү ролун эске алсак, анда алардан адам укугу жана анын ажырагыс бөлүгү болгон студенттер укугу боюнча өз коомунан бир кадам алдыда жүрүшүн күтүү табигый көрүнүш. Албетте, студенттер укугунун кагаз бетинде көрсөтүү эң эле оңой нерсе. Эң маанилүүсү— бул укуктардын иш—жүзүнө ашырылышы. Бул максаттарга жетүү үчүн университет жамааты аталган укуктарды чын ыкластан кабыл алып, өздөштүрүшү зарыл. Ал эми студенттерге өздөрүнүн укугу тууралуу маалымат берүү, алардын өз укуктарын колдонуусунда жана жаңы укуктарды талап кылуусундагы алгачкы кадам катары каралат. Бул укуктардын иш жүзүндө колдонулуусунда жетекчиликке алынышында окуу жайлардын жетекчилерине, мугалимдери жана кызматкерлерине зор милдет жүктөлөт. Анткени, студенттердин укугун коргоо жана сактоо университеттин бирден бир милдети жана жоопкерчилиги.

## АДАБИЯТТАР

АЙДЫН, И.П. (2002). **Кесиптик жана уюмдук башкаруу этикасы .** (3—басма) . Анкара: Пегем А басмасы.

Bellevue Community College(2002). **Course Catolog 2002—2003.** Bellevue, Washington.

Ceger Vanier College (2000). **Official Handbook 2000—2001**. Quebec,Canada.

Center for Student Life Division of Student Affairs (1998). **The Eagle Guide**. Los Angeles, CA.

Department of Education Office for Civil Rights(1984). **Sexual Harassment: It's Not Academic.** Washington, DC.

San Diego State University (2001). **Statement of Student Rights and Responsibilities 2001—2002.** San Diego,CA.

The Trustees of Indiana University (1998). **The Code of Student Rights, Responsibilities, and Conduct**. Bloomington, IN.

University of British Columbia Campus Advisory Board On Student Development (2001) *CABSD Student Rights And Responsibilities: Draft.* http://www.vpstudents.ubc.ca/cabsd/rights.htm. Adresinden alınmıştır. 03.05.2003

University of North Texas(2001). **Ten Student Academic Rights and Responsibilities.** http://www.unt.edu/facsenate/strights.htm adresinden alınmıştır. 05.03.2003

University of Western Australia (2000). **Charter Of Student Rights (Annotated).** Crawley,WA.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com